	И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
	БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ
	ДП 4. 4.

ЖАКТЫРЫЛДЫ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 2
«28» 10 2026-ж.

БЕКИТЕМИН
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/219
«29» октябрь 2026-ж.

И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бишкек, 2026

ӨЗГӨРТҮҮЛӨР БАРАКЧАСЫ

УЧА версия-сынын №	Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)	КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ..... протоколу жана датасы
1.		Сентябрь 2016 –ж.
2.	КМТУнун Уставына ылайык документтин бүткүл тексти боюнча тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү.	Протокол №1 5.10.2022-ж.
3.	1.4–1.7-пункттарда — Комиссиянын ишинин укуктук негиздери толукталды; 2.2–2.3-пункттарда — Комиссиянын милдеттерин жана функциялары толукталды; 3.2-пункта — Комиссиянын курамына талаптар толукталды.	Протокол №2 28.10.2026-ж.

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетиндеги (мындан ары – КМТУ) Коррупцияга каршы комиссиянын (мындан ары – Комиссия) ишинин тартибин, милдеттерин жана компетенциясын аныктайт.

1.2. Комиссия кеңеш берүүчү орган болуп саналат жана төмөнкү багыттар боюнча иш-чаралардын комплексин системалуу түрдө жүзөгө ашырат:

1) коррупциялык көрүнүштөргө алып келүүчү себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу;

2) КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнө коррупциянын киришине бөгөт коюу үчүн оптималдуу механизмдерди иштеп чыгуу;

3) окутуучуларды, кызматкерлерди жана студенттерди коррупция көйгөйлөрү жөнүндө - маалымдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча университеттин бирдиктүү системасын түзүү;

4) коррупцияга каршы үгүт иштерин жүргүзүү жана тарбиялоо;

5) коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүү маселелери боюнча коомчулукту, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана укук коргоо органдарын кызматташууга тартуу. Мунун максаты – профессордук-окутуучулук курамда (мындан ары – ПОК), кызматкерлерде жана студенттерде коррупциялык тобокелдик жогору болгон чөйрөлөрдө коррупцияга каршы жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруу жана коррупцияга карата келишпестик мамилени өнүктүрүү.

1.3. Комиссия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КМТУнун Уставына, ушул Жобого, ректордун буйруктарына жана Университеттин башка ички ченемдик укуктук актыларына ылайык иш жүргүзөт.

1.4. Комиссиянын ишинин укуктук негизин төмөнкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 13-февралындагы № 14 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 12-декабрындагы № 206 «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы, анын колдонуудагы редакциясын эске алуу менен;
- Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 28-январындагы № 19 «Коррупциялык укук бузуулар жөнүндө кабарлаган адамдарды коргоо жөнүндө» Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 «Кыргыз Республикасында 2025–2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы, ага киргизилген кийинки өзгөртүүлөрдү, анын ичинде 2026-жылдын 23-январындагы № 7 Жарлыкты эске алуу менен;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 «Кыргыз Республикасынын 2026–2027-жылдарга коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 232 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди аныктоонун, баалоонун жана башкаруунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому – Университеттин ишине колдонулуучу бөлүгүндө жана тиешелүү методикалык ыкмаларды пайдалануу жагынан;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 24-ноябрындагы № 328 «Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр институтун өркүндөтүү жөнүндө» Жарлыгы – Университеттеги профилактикалык иштин уюштуруу моделине тиешелүү бөлүгүндө;
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси – тиешелүү жосундар үчүн жоопкерчиликти белгилөө бөлүгүндө;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү, мамлекеттик сатып алуулар, жарандардын кайрылуулары, маалымат, жеке маалыматтар, эмгек жана Университеттин ишине байланышкан башка маселелер боюнча мыйзамдары;
- КМТУнун Уставы жана Университеттин ички ченемдик укуктук актылары.

1.5. Ченемдик укуктук актыларды колдонууда Комиссия алардын колдонуудагы редакцияларын жетекчиликке алат. Мыйзамдар өзгөргөн учурда ушул Жобо Университетте белгиленген тартипте кайра каралууга тийиш.

1.6. Ушул Жобонун колдонулушу КМТУнун уюштуруу түзүмүнүн чегинде Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнө, институттарына, кафедраларына, филиалдарына, колледждерине жана башка бөлүмдөрүнө, ошондой эле кызматкерлерге жана билим алуучуларга багытталган коррупциянын алдын алуу иш-чараларына жайылтылат.

1.7. Комиссия тергөө органдарынын, прокуратуранын же мамлекеттик финансылык контролдоо органдарынын функцияларын аткарбайт жана ыкчам-издөө ишин жүргүзүү, кылмыштарды тергөө, адамдардын күнөөлүүлүгүн аныктоо же мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу ыйгарым укуктарына ээ эмес.

1.8. Ушул Жобо КМТУнун ректору тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

2. Комиссиянын максаты жана милдеттери

2.1. Комиссиянын ишинин максаты – КМТУнун коррупцияга каршы саясатын ишке ашырууга катышкан субъекттердин иш-аракеттерин уюштуруу жана координациялоо, коррупциянын алдын алууга жана профилактикалоого, ошондой эле коррупциялык укук бузууларды жасаган субъекттерди аныктоого багытталган чараларды жүзөгө ашыруу.
Комиссиянын ишинин натыйжалары профессордук-окутуучулук курамды жана кафедра башчыларын конкурстук негизде шайлоодо, аттестациялоодо, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин аттестациялоодо эске алынат.

2.2. Комиссия өзүнө жүктөлгөн милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү иштерди аткарат:

1) КМТУнун башкаруу органдары тарабынан коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруунун артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышат;

2) коррупциянын себептерин жана ага өбөлгө түзгөн шарттарды жоюу, коррупция фактыларын жана анын көрүнүштөрүн аныктоо жана бөгөт коюу боюнча КМТУнун башкаруу органдарынын ишин координациялайт;

3) КМТУда коррупциянын себептерин жана ага өбөлгө түзгөн шарттарды жоюуга багытталган иш-чараларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды киргизет;

4) КМТУнун ишинде коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу жана профилактикалоо боюнча практикалык колдонууга сунуштамаларды иштеп чыгат;

5) КМТУнун коррупцияга каршы саясатынын субъекттерине окутуучулардын, кызматкерлердин, студенттердин жана аспиранттардын кызматтык жүрүм-турумунун жалпы принциптерин иш жүзүндө колдонууга байланышкан маселелер боюнча консультациялык жардам көрсөтөт;

6) Университеттин сатып алуу, финансылык, мүлктүк, келишимдик жана административдик-чарбалык ишмердүүлүгүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди талдайт;

7) кызматкерлердин жана билим алуучулардын, анын ичинде чет өлкөлүк студенттердин арасында коррупцияга каршы маданиятты калыптандырат;

8) КМТУнун ички ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

9) коррупциянын алдын алууга жана профилактикалоого, ошондой эле коррупциялык укук бузууларды жасаган субъекттерди аныктоого багытталган чараларды ишке ашыруу маселелери боюнча укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенет.

2.3. Комиссия өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу максатында төмөнкү функцияларды аткарат:

- КМТУнун коррупцияга каршы иш-чараларынын жылдык планынын долбоорун иштеп чыгууга катышат;
- түзүмдүк бөлүмдөр, ички аудит, ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана өз компетенциясынын чегинде башка контролдоо субъекттери тарабынан сунушталган коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун жыйынтыктарын карайт;
- коррупциялык тобокелдиктердин алдын алуу жана ички контролдоону өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдайт;
- коррупциянын алдын алуу, жол-жоболордун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу жана кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө маселелери боюнча Университеттин ички ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун карайт;
- кызматкерлердин жана билим алуучулардын кайрылууларын кароо тартибин өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоого катышат;

- коррупцияга шарт түзүшү мүмкүн болгон жол-жоболордогу кайталануучу көйгөйлөр жана кемчиликтер жөнүндө маалыматтарды талдайт;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн коррупцияга каршы иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө отчетторун карайт;
- аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча жооптуу түзүмдүк бөлүмдөрдү жана сунушталган мөөнөттөрдү көрсөтүү менен сунуштамаларды даярдайт;
- Университетте коррупциянын алдын алуу боюнча иштердин абалы жөнүндө маалыматтык-аналитикалык материалдарды даярдоону уюштурат;
коррупцияга каршы иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө отчетторду даярдоо Комиссияга тапшырылган учурларда аларды даярдоого катышат;
-тиешелүү негиздер болгон учурда ректорго ички текшерүү, кызматтык иликтөө же мыйзамдарда каралган башка жол-жоболорду жүргүзүү жөнүндө сунуштарды киргизет;
Комиссиянын чечимдеринин жана сунушталган оңдоочу иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзөт;
- Университеттин ректору тарабынан Комиссиянын компетенциясына киргизилген коррупциянын алдын алуу боюнча башка маселелерди карайт.

3. Комиссияны түзүүнүн жана анын ишинин тартиби

3.1. Комиссия КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн ичинен тиешелүү түзүмдөрдүн сунушу боюнча Окумуштуулар кеңештери тарабынан шайланган адамдардан түзүлөт. Бул үчүн тиешелүү түзүмдүн Окумуштуулар кеңешинин (Педагогикалык кеңешинин) жыйналышынын протоколунан көчүрмө берилүүгө тийиш.

3.2. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирүүгө тийиш:
- ректордун комплекстүү коопсуздук боюнча кеңешчиси;
- академиялык иштер боюнча проректор;
- профсоюздук комитеттин төрагасы;
- тарбия иштери боюнча департаменттин директору;
- билим берүүнүн сапаты боюнча департаменттин директору;
- адам ресурстарын башкаруу башкармалыгынын начальниги;
- укуктук иштер бөлүмүнүн башчысы;
- логистика бөлүмүнүн башчысы;
- Университеттин институттарынын, жогорку мектептеринин, филиалдарынын жана колледждеринин кызматкерлеринин жалпы чогулуштары тарабынан сунушталган өкүлдөр.

3.3. Комиссиянын сандык курамы КМТУнун түзүмүнө ылайык КМТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат.

3.4. Комиссиянын төрагасы, төраганын орун басары жана катчысы Комиссиянын биринчи жыйналышында анын мүчөлөрүнүн добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен шайланат.

3.5. КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин жана Комиссиянын биринчи жыйналышынын протоколунун негизинде Комиссиянын сапаттык жана сандык курамы кесиптик бирлик комитети менен макулдашылгандан кийин ректордун буйругу менен бекитилет.

3.6. Комиссия мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары анын курамы бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет жана эки жылдык мөөнөткө белгиленет.

3.7. Комиссиянын жыйналыштарына анын мүчөлөрүнүн катышуусу милдеттүү. Алар өз ыйгарым укуктарын башка адамдарга өткөрүп берүүгө укуксуз. Комиссиянын мүчөсү жыйналышка катыша албай калган учурда каралып жаткан маселелер боюнча өз пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу.

3.8. Эгерде жыйналышка Комиссиянын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Комиссиянын жыйналышы чечим кабыл алууга укуктуу болуп эсептелет. Кабыл алынган чечимге макул болбогон Комиссиянын мүчөсү өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу. Өзгөчө пикир жыйналыштын протоколуна тиркелет.

3.9. Комиссиянын мүчөсү жарандардын ар-намысына жана кадыр-баркына тиешелүү маалыматтарды, ошондой эле Комиссия тарабынан каралуучу башка купуя маалыматтарды ачыкка чыгарбоо милдеттенмесин өз ыктыяры менен кабыл алат.

Комиссия алган маалымат мыйзамдарда белгиленген маалыматтарды коргоо тартибине ылайык гана пайдаланылат.

3.10. Комиссиянын курамынан төрага, төраганын орун басары жана катчы дайындалат.

3.11. Комиссиянын төрагасы жок болгон учурда же анын тапшырмасы боюнча төраганын орун басары өз компетенциясынын чегинде жыйналышты өткөрөт.

3.12. Комиссиянын катчысы:

- Комиссиянын жыйналышына материалдарды жана чечимдердин долбоорлорун даярдоону уюштурат;
- Комиссиянын мүчөлөрүнө кезектеги жыйналыштын орду, убактысы жана күн тартиби жөнүндө маалымдайт, жыйналыштардын протоколдорун жүргүзөт, зарыл болгон маалымдама-маалыматтык документтер менен камсыз кылат, жыйналыштардын материалдарын түзөт жана сактайт.

3.13. Комиссиянын мүчөлөрү өз ишин коомдук башталыштарда жүргүзүшөт.

3.14. Комиссиянын жыйналыштары зарылчылыкка жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Комиссиянын төрагасынын чечими боюнча кезексиз жыйналыштар өткөрүлүшү мүмкүн.

3.15. Комиссиянын мүчөсү жыйналышка катыша албай калган учурда бул жөнүндө Комиссиянын төрагасына, төраганын орун басарына же катчысына алдын ала билдирүүгө милдеттүү.

3.16. Комиссиянын төрагасы менен макулдашуу боюнча жыйналышка коомчулуктун өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн. Алар талкууланып жаткан маселелерди кароого катышууга жана алардын маңызы боюнча сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

3.17. Комиссиянын мүчөлөрү чечим кабыл алууда бирдей укуктарга ээ.

3.18. Комиссиянын жыйналышынын жыйынтыгы боюнча протокол түзүлөт. Протоколго жыйналышта каралган документтер тиркелет.

3.19. Комиссиянын мүчөсү конкреттүү маселени кароодо жеке кызыкчылыгы же кызыкчылыктардын кагылышуусу болушу мүмкүн экендиги жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Анын ошол маселени кароого катышуу тартиби мыйзамдардын жана ушул Жобонун талаптарын эске алуу менен аныкталат.

4. Комиссиянын ыйгарым укуктары

4.1. Комиссия коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча чараларды ишке ашыруу маселелеринде КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин координациялайт.

4.2. Комиссия коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ишти өркүндөтүү боюнча сунуштарды КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет, ошондой эле өз компетенциясына кирген маселелер боюнча ченемдик актылардын долбоорлорун даярдоого катышат.

4.3. Комиссия коррупцияга каршы ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун формаларын жана ыкмаларын иштеп чыгууга катышат жана алардын ишке ашырылышын контролдойт.

4.4. Комиссия КМТУнун башкаруу органдары тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча чыгарылган ченемдик мүнөздөгү документтерди талдоо жана экспертизадан өткөрүү иштерине көмөктөшөт.

4.5. Комиссия КМТУнун түзүмүндө коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча методикалык жана уюштуруучулук иштерди өркүндөтүү жөнүндө сунуштарды карайт.

4.6. Комиссия колдонуудагы мыйзамдардагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле учурдагы социалдык-саясий жана экономикалык кырдаалды эске алуу менен ченемдик укуктук актыларга толуктоолорду киргизүүгө көмөктөшөт.

4.7. Комиссия КМТУда коррупцияга каршы күрөшүү боюнча иш-чараларды финансылык жана ресурстук жактан камсыз кылуу боюнча сунуштарды киргизет.

4.8. Комиссия өзүнүн жыйналыштарында КМТУнун коррупцияга каршы саясатынын субъекттеринин, анын ичинде түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин отчетторун жана маалыматтарын угат.

4.9. Комиссия өзүнүн ишине тиешелүү маселелерди изилдөө, ошондой эле Комиссиянын тиешелүү чечимдеринин долбоорлорун даярдоо үчүн жумушчу топторду түзөт.

4.10. Каралып жаткан маселелерге жараша Комиссиянын жыйналыштарына КМТУнун башка кызматкерлери да тартылышы мүмкүн.

4.11. Комиссиянын чечимдери жыйналышка катышкан мүчөлөрдүн добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат жана сунуштамалык мүнөзгө ээ болот. Кабыл алынган чечимдер протокол менен таризделет жана ага Комиссиянын төрагасы кол коёт. Зарыл болгон учурда кабыл алынган чечимдер, эгерде колдонуудагы мыйзамдарда башкача каралбаса, ректордун тиешелүү буйруктарын жана тескемелерин чыгаруу аркылуу ишке ашырылат.

5. Комиссиянын төрагасынын ыйгарым укуктары

5.1. Комиссиянын төрагасы төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

1) Комиссиянын жыйналышынын ордун, убактысын жана күн тартибин аныктайт. Зарыл болгон учурда КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жана өкүлдөрүн, ошондой эле Комиссиянын мүчөлөрү болуп саналбаган башка органдардын өкүлдөрүн жыйналышка катышууга чакырат жана тиешелүү адистерди ишке тартат;

2) Комиссиянын мүчөлөрүнүн жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин сунуштарынын негизинде Комиссиянын учурдагы жылга карата иш планын жана кезектеги жыйналыштын күн тартибин түзөт;

3) Комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарынан, укук коргоо, контролдоо, салык органдарынан жана башка органдардан маалыматтарды сурайт;

4) КМТУда коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча чаралардын ишке ашырылышынын натыйжалары жөнүндө КМТУнун Окумуштуулар кеңешине маалымат берет;

5) Комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча калк жана уюмдар менен болгон мамилелерде Комиссиянын атынан чыгат;

6) Комиссиянын төрагасынын орун басарына, катчысына жана мүчөлөрүнө тиешелүү тапшырмаларды берет жана алардын аткарылышын контролдойт;

7) Комиссиянын жыйналышынын протоколуна кол коёт.

6. Комиссиянын ишине коомчулуктун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусун камсыз кылуу

6.1. Коомдук уюмдар жана жарандар КМТУда коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча Комиссияга кайрылууларды жөнөтүүгө укуктуу. Бул кайрылуулар Комиссиянын жыйналыштарында каралат.

6.2. Комиссиянын жыйналыштарына коомчулуктун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн. Комиссиянын төрагасынын чечими боюнча Комиссия тарабынан каралган көйгөйлүү маселелер жөнүндө купуя эмес маалыматтар жарыялоо үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарына берилиши мүмкүн.

7. Комиссиянын өз ара аракеттенүүсү

7.1. Комиссиянын төрагасы, төраганын орун басары, катчысы жана мүчөлөрү төмөнкүлөр менен түздөн-түз өз ара аракеттенишет:

1) КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен – коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча чараларды ишке ашыруу, ошондой эле КМТУда коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча методикалык жана уюштуруучулук иштерди өркүндөтүү маселелери боюнча;

2) КМТУнун Окумуштуулар кеңеши менен – коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ишти өркүндөтүү жана Комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоого катышуу маселелери боюнча;

3) КМТУнун башкаруу органдары менен – коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ченемдик мүнөздөгү документтерди талдоо жана экспертизадан өткөрүү иштерине көмөктөшүү маселелери боюнча;

4) финансылык-экономикалык камсыздоо жана бухгалтердик эсеп башкармалыгы менен КМТУнун финансылык каражаттарын жана ресурстарын максаттуу пайдалануу маселелери боюнча;

5) коомдук уюмдар, КМТУнун окутуучулары, кызматкерлери, студенттери жана жарандар менен – КМТУда коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерине байланыштуу алардын жазуу жүзүндөгү кайрылууларын кароо боюнча;

6) укук коргоо органдары менен – коррупциянын алдын алууга жана профилактикалоого, ошондой эле коррупциялык укук бузууларды жасаган субъекттерди аныктоого багытталган чараларды ишке ашыруу маселелери боюнча;

7) мамлекеттик бийлик органдары, контролдоо, салык жана башка органдар менен – Комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча, ошондой эле алардан белгиленген тартипте зарыл маалыматтарды алуу максатында.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Укуктук иштер бөлүмүнүн башчысы А. Ж. Исраилов